КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

ТОКТОМ

2026-жылдын 02-октябрь **№50** Барскоон айылы

ХЕЛЬВЕТАС Свисс Интеркооперейшн ассоциациясынын филиалы тарабынан каржыланып жаткан айыл аймагында “Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу долбооруна каралган акча каражаты тууралуу

ХЕЛЬВЕТАС Свисс Интеркооперейшн ассоциациясынын филиалы тарабынан каржылаган “Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу” долбоорунун алкагында дараметин жогорулатуучу грант катары бериле турган акча каражатын туура пайдалануу максатында Барскоон жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. ХЕЛЬВЕТАС Свисс Интеркооперейшн ассоциациясынын филиалынын “Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу” долбоору тарабынан социалдык-экономикалык өнүгүү программаларында социалдык жана гендердик инклюзия принциптерин мыкты чагылдыруусу үчүн пилоттук жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы сынактын жеңүүчүсү грант катары бөлүнүп жаткан 255 000 (эки жүз элүү беш миң) сом өлчөмүндөгү акча каражаты Барскоон айыл аймагынын 2026-жылга бекитилген жергиликтүү бюджетине кириштелсин.

2. Жети-Өгүз райондук финансы башкармалыгынан дараметти жогорулатуучу грант катары бөлүнгөн 255 000 (эки жүз элүү беш миң)сом акча каражатын аппарат бөлүмүнүн атайын эсептик счетуна 3112 беренесине кошумча бекитип берүү жагы суралсын.

3. Кабыл алынган чечимге ылайык мыйзам чегинде иш алып баруу, чечүү жагы Барскоон айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы А.С.Калыковго милдеттендирилсин.

4. Ушул токтом расмий булактарга Барскоон айыл өкмөтүнүн веб-сайтына жарыялансын.

5. Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы Н.Шабданбаева бул токтомду каттоодон өткөрүп жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Ысык-Көл областтык юстиция башкармалыгына жөнөтсүн.

6. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук акитыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңешинин финансы-экономикалык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын

төрагасы А.Букаровго жана жер жана муниципалдык менчик маселелери боюнча (Л.Элебесов) туруктуу комиссияларына тапшырылсын.

Төрага **Ч.А.Ажыбеков**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 2 нуска